"Бекитемин"

Курманжан Датка атындагы
Ош лицейинин мүдүрү
_________ Байзаков Ж.К.

**Ата- энелер чогулуштарынын жолдомосу**

1.Ата-энелер чогулушунун өткөрүүнүн максаттары.

1.1. Балдар менен иштөө үчүн керектүү маалыматтарды алуу.
1.2. Лицейдин режимине ылайык уюштуруу иштериндеги өзгөрүү же жаныlыктарын киргизилишин кабарлоо, көрсөтмө берүү.
1.3. Ата-энелердин аналитикалык материалдар менен тааныштыруу.
1.4. Окуучулардын окуу жана тарбиясы боюнча ата-энелерге маалымат берүү.
1.5. Конфликтуу ситуацияларды талкулоо.
1.6. Ата-энелердин пикир-сунуштары боюнча талап кылынган лицей турмушундагы ар түрдүү суроолорго карата чечим кабыл алуу.

2. Чогулушту өткөрүүнүн эрежеси.

2.1. Класс жетекчи чогулушка керектүү болгон бардык информацияларды жана документтерди ар тараптан ойлонуп даярдоосу керек.
2.2. Ар бир чогулуштун озунун «сценарийи» жана программасы талап кылынат
2.3. Чогулуш өткөрүүнүн негизги методу болуп диалог эсептелет.
2.4. Ата-энелер чогулуш болгонго үч күн калганга чейин чакырылат жана күн тартиби менен тааныштырылат.
2.5. Лицей администрациясы чогулушка чейин 4 күн мурун кабардар болуп күн тартиби менен тааныштырылат.
2.6. Класс жетекчилердин чакыруусу менен чогулушка предметтик мугалимдер катышууга тийиш.
2.7. Класс жетекчилер предметтик мугалимдерди чогулушка чакыруунун максатын алдын ала эскертет.
2.8. Класс жетекчи чогулуштун өтүшүн уюштурат.
2.9. Класс жетекчи чогулуштун жыйынтыгы , ата-энелердин маселелери, проблемалары, суроолору туурасында тарбия иштери боюнча директордун орун басарына чогулуштун эртесинде информация берет.

3. **Ата-энелер чогулуштарын өткөрүүнүн принциптери**

3.1. Ата-энелер чогулушу жөн гана лицей менен үй-бүлөнүн байланышуу формасы эмес, ал окуучулар менен байланыш жасоодогу , мамиле түзүүдөгү жогорку тажрыйбалуу иштерди пропагандалоо жана ата-энелер үчүн педагогикалык информациялар берүү.
3.2. Ата-энелер чогулушта эч кандай туура эмес сүйлөшүүлөр болбойт деген ишенимде болуусу керек.
3.3. Үй-бүлө жана лицейдин проблемасы жана кам —көрүүсү- бул балдардын проблемасы жана балдар үчүн кам көрүү.
3.4. Эгерде эки тарап бири-бирин түшүнүүсү, бул чогулуш натыйжалуу деп эсептелинет.

4. Чогулуштун түрлөрү жана формалары

4.1. Ата-энелер чогулушунун түрлөрү:
   - Жалпы (класстык, паралел кластар) жылына 5 жолу сентябрда лона ар бир чейректин аягында;
   - Дифференциалдуу ( атайын ата-энелердин бир тобу);
   - Чогулуш класс жетекчи тарабынан белгилөөсү боюнча;

4.2. Чогулуш өткөрүүнүн формалары
   Директивдүү- консултативдүү;
   - Дискуссиялык;
   - Семинар;
   - Клубдук;
   - Чыгармачылык